
## “ПИЗА 2025”  Эл аралык баалоого даярдык көрүү тести

### 1. Туура жоопту белгилегиле.

Азаматтын апасы шорпого кургатылган помидордун ордуна адашып кызыл калемпир салып алды. Текшерип көрүү үчүн, кашык менен бир аз шорпо сузуп алып, тилинин учун тийгизип көрдү. Бирок калемпирдин ачуусун сезбеди. Эмне үчүн калемпирдин ачуусун сезбеди?

А) Тилдин учу ачууну таттуудай сезет.
Б) Ачууну сезүү үчүн тилинин түбүнө чейин жеткире даамдаш керек.
В) Кызыл калемпирдин кээ бири таттуу болот.
Г) Азаматтын апасы даам сезбейт.



### 2. Сенин оюң кандай?

Бир кырсык болуп, тилинин алдыңкы бөлүгү толугу менен жабыркап калган адам төмөндөгүлөрдүн кайсынысынын даамын биле албайт?

А) алма
Б) момпосуй
В) лимон
Г) курут


### 3. Азамат эмне үчүн жылыган жок?

. Азамат үшүп келип, мешке от жакты. Мешке жакын илинип турган термометр 5-10 мүнөттө эле 30 градусту көрсөтө баштады. Бирок негедир Азамат эч бир жылыбай койду. Себеби _______.

А) Азамат катуу үшүп калган
Б) термомтер турган жеринин гана температурасын көрсөтөт
В) термометрди мештин жанына койсо бузулат.
Г) термометр Азаматтын температурасын өлчөбөйт

**4. Сен кандай ойлойсуң?**

Байыркы адамдар учтуу көзөткүчтү ойлоп таап, аңчылык кыла баштаган:




А) конуп турган канаттууларга
Б) чоң балыктарга
В) майда балыктарга
Г) тез чуркаган жаныбарларга

**5. Түнкү асманга байкоо жүргүзүү**

Түнкүсүн быжырап көрүнгөн жылдыздар күндүзү бизге көрүнбөйт, себеби ______________________.

А) жылдыздар жердин биз көрбөгөн жагына жылып кетишет.
Б) күндүн жарыгы жылдыздарды көрүүгө тоскоол болот.
В) жылдыздар күндүзү жанып, кечинде өчүп калышат.
Г) жылдыздар дайыма ордун алмаштырып турушат.






**6. Акча жөнүндө билчү белең?**


Акчанын чыгуусуна түрткү болгон негизги себеп?

А) Акчаны лидиялыктар капысынан таап алышкан.
Б) Акчаны колдонуу жана сактоо оңой болгон.
В) Соода-сатык өнүгүп, буюмдардын бааларын башка буюм менен өлчөө татаалдашкан.
Г) Соода акчасыз толугу менен токтоп калган.


**7. Кандай ойлойсуң?**



А) 

Б) 

В) 

Г) 

## 8. А сен билесиңби?

. Сүрөттү изилдеп, кайсы илимге таандык экенин белгилеңиз.



А) Геральдика
Б) Нумизматика
В) Археология
Г) Криминалистика

## 9. Ойлонуп көрчү?

Төмөнкү таблицанын ар бир сапчасындагы, ар бир мамычасындагы жана ар бир диагоналындагы сандардын суммасы барабар. Эгерде бул таблицада 1ден 9га чейинки сандар жазылса, анда $x$ке туура келчү сан кайсы сан?

А) 3
Б) 4
В) 5
Г) 6

| | | |
|---|---|---|
| 2 | | $x$ |
| 7 | | |
| | | |

## 10. Сүйлөмдү толуктап көрчү?

Мөңгү – бул көп жылдар бою жыйналган муз катмары. Ал ____________ жааган кардын ____________ толук эрибей калып, ____________ пайда болот.

А) кышында / жайында / сууга айланышынан
Б) жайында / кышында / тоңуп калышынан
В) кышында / жайында / топтоло беришинен
Г) жайында / кышында / жок болуп кетишинен

## 11. Акчага кызыгасыңбы?

16. 200 сомдук банкнотто кайсы кыргыз акыны тартылган?




А) Сагынбай Орозбаков
Б) Алыкул Осмонов
В) Аалы Токомбаев
Г) Тоголок Молдо

## 12. Окуп түшүнүү кандай?

Чыгышта "Айбанат падышасы – жолборс, өсүмдүк падышасы – мээр чөп" деген макал бар. Бирок жолборс айбанат падышасына чын эле окшоп турса, "өсүмдүк падышасы" падышага анча окшой бербейт. Анткени мээр чөптүн сабагы ичке, тарамдалган жалбырагы кууш, жемиши майда жана даамсыз. Анткен менен кээде адам сөлөкөтүнө бир аз окшоп кетүүчү тамыры чоң жана нык.

Мээр чөп чогултуучулар абдан кымбат бааланууучу бул чөптүн тамырын Ыраакы Чыгыш тайгасында айлап издеше турган. Көп кишилер тайгада аны издеп жүрүп зыянга да учурап калышчу. Бирок сыйкырдуу тамырды издеп, улам жаңы кишилер сапарга чыга беришчү.

Кытай тилинде "женьшень" деген сөз "тирүүлүк тамыры" дегенди билдирет. Өсүмдүктүн мындайча аталышы жана тамырынын кымбат бааланышы кокустук эмес. Анткени тамырдан оор дарттарга даба болуучу дарылар жасалат.

Бирок мээр чөп өтө сейрек учуроочу өсүмдүк болгондуктан, жылдан жылга азая баштады. Ошондо адамдарда женьшенди өзүбүз өстүрсөк болбойбу деген ой туулду. Бул оңой-олтоң иш эмес. Бирок адамдар кыйынчылыкка моюн сунушкан жок, анткени миңдеген оорулуу адамдарды ажалдан сактап калуу керек эле.

Ошентип, адамдар максатына жетишти. Эми тирүүлүк тамырын издеп, тайгага баруунун кереги жок: мээр чөп атайын плантацияларда эле өстүрүлүп калды. Мындай плантациялар Ыраакы Чыгышта жана Борбордук Азияда бар.

**Эмне үчүн мээр чөп өсүмдүк падышасына анча окшой бербейт?**

А) Мээр чөп өсүмдүк болгондуктан.
Б) Мээр чөп чанда жерде өскөндүктөн.
В) Мээр чөптүн сырткы көрүнүшү начар болгондуктан.
Г) Мээр чөп зыянсыз болгондуктан.

**Эмне үчүн мээр чөптү чогултуучулар эч бир коркунучка карабастан, бул чөптү издегенге аттанышат?**

А) Акчалары аз болгон үчүн.
Б) Мээр чөптүн тамыры кымбат бааланганы үчүн.
В) Кыйынчылыктардан коркпогону үчүн.
Г) Мээр чөп тайгада гана өскөнү үчүн.


**Эмне үчүн мээр чөпту "тирүүлүктүн тамыры" деп коюшкан?**

А) Оор дарттарга даба болуучу дары жасалгандыктан.
Б) Кымбат баалуу дары чөп болгондуктан.
В) Адамдардын жашын узартуучу касиетке ээ болгондуктан.
Г) Ыраакы Чыгышта гана өскөндүктөн.

## 13. Жаратылышка болгон мамиле

. Сүрөттө көрсөтүлгөн организмдердин ар бири өзүнөн мурун көрсөтүлгөн организм/зат менен тамактанып, жашоого керектүү энергияны алат. Мисалы, чөп күндүн нурунан энергия алса, чегиртке чөп менен азыктанып, кубат алат. Ал эми бака чегиртке жеп тамактанат ж.б.

Эгерде бака толугу менен жок болуп кетсе, эмне болмок?



А) Чөп жакшы өсүп, жердин баарын чөп басып кетмек.
Б) Чегиртке көбөйүп кетмек.
В) Куштар үчүн көбүрөөк балык пайда болмок.
Г) Балык көбөйүп кетмек.


## 14. Турмуштук маселе

Каниет күн сайын чоң цистернага ичинде канча суу болсо, ошончо суу куюп турган. Эгерде цистерна 8 күндө толгон болсо, анда канча күндө жарымына жеткен?

А) 4
Б) 5
В) 6
Г) 7

## 15. Турмуштук маселе

**Айбек менен Анара мектепте эки бирдей өсүмдүккө тажырыйба жасашты. Айбек бир нече күн бою өзүнүн өсүмдүгүн сугарган жок, ага карабастан өсүмдүк соолуган жок. Ал эми Анара өсүмдүгү соолуп калбашы үчүн, күндө суу куюп турду. Эмне үчүн мындай айырмачылык болду?**




А) Айбек тажырыйба башталарда ашыкча суу куюп, жаап койгон.
Б) Анара идиштин оозун жаппагандыктан, суу бат бууланып кетип жаткан.
В) Анара өсүмдүгүнө сууну туура эмес куйган.
Г) Айбектин өсүмдүгү сууну көп талап кылбаган түрүнөн эле.